**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

__________________ № ________

Бишкек ш.
г.Бишкек

## Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо минстрлигинин 2024-жылдын 25-январындагы № 78 «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин наркы жөнүндө» буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызматтар менен, жеңилдетилген дары каражаттары менен камсыздоонун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 25-январындагы №78 «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин наркы жөнүндө» буйругунун 1-пункту жана 1.1.-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. ММК полисинин 2024-2025-жылдарга наркы төмөнкү өлчөмдө бекитилсин:

1.1. Кыргыз Республикасынын жарандарына, Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттердин Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзамдуу жүргөн жана мыйзамдын негизинде эмгек ишмердигин жүргүзгөн эмгекчилердин үй-бүлө мүчөлөрүнө, качкындарга жана Кыргыз Республикасында башпаанек издегендерге, кайрылмандарга жана «Мекен-карт» болгон учурда чет өлкөнүн жарандыгы бар мекендештерге колдонуу мөөнөтү 12 календардык айга 1840 сом өлчөмүндө;»

2. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин биринчи орун басары М.А. Токтомуратовго жана ММК фондунун төрагасы А.К. Мукановго жүктөлсүн.

**Министрдин биринчи орун басары** **М.А. Токтомуратов**

(министр жок учурда)

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН